УДК: 801.81:398

Абдыкеримова А.Э.

*К.Тыныстанов ат. ЫМУ*

# ҮСӨНБЕК АСАНАЛИЕВДИН ЛИРИКАЛЫК ПОЭЗИЯСЫ

*Макалада илимпоз-акын Үсөнбек Асаналиевдин лирикалык поэзиясынын басымдуу бөлүгүн түзгөн арзуу ырлары кыскача талдоого алынган.*

Тагдыр шыбагасына, бир жагынан, илимпоздук ишмердик, экинчи жагынан, акындык чыгармачылык буюруп, илим менен көркөм сөз өнөрүн бирдей тизгиндеш алып жүргөн Үсөнбек Асаналиевдин калеминен кыргыз тилинин тарыхы, лексикологиясы, алыскы жана жакынкы тектеш тилдер менен жалпылык-айырмачылыктары боюнча чакан илимий макаладан монографияга чейинки эмгектер да, ондон ашуун көркөм-адабий поэтикалык топтомдор да жарык көрдү. Арийне, Ү.Асаналиевдин илимий ишмердиги өзүнчө кенен сөз кылууга арзыйт. Биз бул чакан макалабызда илимпоз-акындын поэтикалык чыгармачылыгынын бир өңүтү тууралуу азын-оолак кеп кылуу максатын көздөдүк.

Кызыкдар окурмандарга белгилүү болгондой, Ү.Асаналиев "Сөз-сөөлөт" (Бишкек, 1999), "Кеп-кербен" (Бишкек, 2002), "Ой-оомат" (Бишкек, 2002), "Арзуу" (Бишкек, 2002), "Сап-санат" (Бишкек, 2008), "Жакшы сөз – жан азыгы" (Бишкек, 2008), "Аалымдарга азил арноо" (Каракол, 2010), "Ажыдаарлар алааматы" (Каракол, 2011), "Сөз – сөнбөс жарык" (Каракол, 2012), "Куса" (Каракол, 2014), "Накыл сөз – жүрөккө жакын сөз" (Каракол, 2014) сыяктуу жыйнактардын автору катары таанымал. Көлөмү жагынан да, маани-мазмуну жагынан да, тематикалык-идеялык мүнөзү жагынан да бир кыйла салмактуу болгон бул жыйнактар автор үчүн көркөм-адабий чыгармачылык "эриккендеги эрмек", ара-чолодо көргөн-туйганын кагаз бетине түшүрүп койчу "хоббиси" эмес, кадыресе олуттуу, жоопкерчилик менен караган ишмердик экенин көрсөтө алат. Мындай пикирдин тууралыгына аталган жыйнактарга саресеп салып, талдоого алуу аракетинен улам да ынана алабыз.

Буга чейинки бир макалабызда [1] белгиленип кеткендей, Ү.Асаналиевдин жогоруда аталган жыйнактарына назар салсак, алардагы чыгармаларды шарттуу түрдө экиге бөлүп кароого болчудай. Биринчи топко дидактикалык жана философиялык маани-мазмунга ээ кыска чыгармаларын киргизүүгө болот. Алар "Сөз-сөөлөт", "Кеп-кербен", "Ой-оомат", "Жакшы сөз – жан азыгы", "Сөз – сөнбөс жарык", "Накыл сөз – жүрөккө жакын сөз" топтомдорунда орун алган. Мындай чыгармаларынын айрымдары, сыртынан караганда, макал-лакаптар, учкул сөздөр, афоризмдер формасы жана мазмунунда болсо, айрымдарын 4 саптан 12 сапка чейинки көлөмдөгү кыска поэтикалык тексттер катары кароого болот. Автордун жеке тажрыйбасынан, турмуштук байкоолорунан алынып, элдин тажрыйбасы, байкоолору менен жалпылаштырылып, синтезделген ойлорду камтыган мындай көркөм туундулар, негизинен, дидактикалык жана философиялык маани-мазмунга ээ. Чакан көлөмгө терең ойду сыйдыра билүү автордон чоң чеберчиликти талап кылары шексиз. Ү.Асаналиев бул түрдөгү чыгармаларында "ойду ой, сөздү с з жаратарын эске алып, кыйла ойду кыска берүү" [2, 2] салтын пайдаланган.

Арийне, илимпоз-акындын мындай мүнөздөгү чыгармалары адабияттаануучулук салыштырма пландагы өзүнчө системалуу иликти талап кылат. Анткени алардын жанрдык өзгөчөлүктөрү (автордук макал-лакаптарбы же элдик макал-лакаптардын автордук жаңыча интерпретациясыбы, трансформацияланышыбы, болбосо учкул сөздөрбү, афоризмдерби, санат-накыл сөздөрбү), тематикалык алкагы, көркөм-поэтикалык жана эстетикалык кунары боюнча ар кыл пикирлер айтылып жүргөнү белгилүү. Демек, аталган маселелер ар тараптуу кылдат иликтөө-талдоого муктаж экени байкалып турат.

Бирок биз бул макалабызда Ү.Асаналиевдин дидактикалык-философиялык мүнөздөгү чакан чыгармалары эмес, лирикалык поэзиясы тууралуу кеп кылмакчыбыз.

Белгилүү философ Г.Гегель лириканы "переживания и страсти сердца и духа" [5; 260] деп мүнөздөсө, Н.Чернышевский бул ойду бекемдеп: "Лирикалык поэзия - акындын ички жан дүйнөсүнүн көрсөткүчү" экендигин айткан. Бул пикирлерге таянуу менен, Ү.Асаналиевдин лирикалык поэзиясы да автордун жан дүйнөсүндөгү буюккан ойлорун, туюм-сезимин, кайгы-кубанычын, бир учурдагы психологиялык жана эмоциялык ал-абалын, жашоо-турмуштагы кайсы бир көрүнүшкө, кырдаалга карата жеке мамилесин чагылдырып бере алат деп айтууга болот. Көркөм-адабий чыгармачылыкта, анын ичинде поэзияда, өзгөчө, лирикалык поэзияда субьективдүүлүктүн үлүшү чоң экени белгилүү. Мунун себеби лирикада жеке тагдыр, анын көрүнө жана көмүскө жактары, адамды алга жетелеген мотивдер менен сезимдер, ички дүйнөсүнө бүлүк салган көрүнүш-жагдайлар, жалпы адамзаттык нарк-дөөлөттөргө болгон к з караш-мамилеси орун алганы менен байланыштуу. Орустун белгилүү сынчысы В.Г.Белинскийдин оюна толук кошулуу менен, лирика адам баласын жубаткан, ачууланткан, кубанткан, иренжиткен, рахат тартуулаган, кыйнаган нерсенин бардыгын, бир сөз менен айтканда, субьектинин руханий өмүрүнүн мазмунун көркөм чагылдырып бере алат дегенге негиз бар.

Мына ушул көз караштан алганда, Ү.Асаналиевдин "Арзуу" (2002) жана "Куса" (2014) аттуу лирикалык топтомдору автордун руханий өмүрүнүн, жеке турмушунун мазмунун көркөм туюндуруп бере алчу жыйнактар дегенибиз аша чапкандык болбос. Жыйнактардын аталышына назар салсак, аларда "Ү.Асаналиевдин өмүр-тагдырындагы арзуусу менен кусасын" чагылдырган ырлар топтолгон деген ойго келебиз. Асыресе, бул аталыштардан өзөктүү тема сүйүү темасы экенинен интуициялык түрдө кабар алабыз. Бирок жыйнактардагы ырлар менен таанышып чыккан соң, автор бул түбөлүктүү теманы түркүн ракурста, түрдүү темалардын призмасы аркылуу караганын байкайбыз. Мында сүйүү темасы менен катар туулган жер, табият, адамгерчилик, адамзат, адалдык жана арамдык, учур жана келечек ж.б. тууралуу толгонуулар да орун алган.

Иралды айталы дегенибиз, акындын арзуу лирикасы сүйүүгө жана сүйгөнүнө курулай эле жалынып-кагылып, өпкө-жүрөгүн чаба берген, клише-шаблонго айланып калган туюнтмалар жана мээбизге жат болуп калган ойлордон куралган примитивдүү, жасалма ырлардан эместиги баамга урунат. Автор өзү чоң сүйүүгө, пенде баласынын өмүр-тагдырында бир жолу келе турган чыныгы, улуу сезимге кабылып, анын бар кубаныч-кайгысын, сүйүнүч-

зарын өз жүрөгүнөн өткөрүп, керт башынан кечирип, ошол толгонууларын ыр кылып токуган.

Ырлардагы лирикалык "мен" бийик парасаттуу интеллект жана сезим ээси катары башынан аягына чейин катышат. Кандай жагдайды сүрөттөбөсүн, адагерчиликтин ак жолунан тайбай, улуу сезимге башын ийген лирикалык кейипкердин образын көрө алабыз. "Арзуу" менен "Кусаны" бириктирип, логикалык бүтүндүккө ээ кылып турган, бир жагынан, өзөктүү сүйүү темасы болсо, экинчи жагынан, ошол сүйүүнү алып жүргөн лирикалык кейипкер. Белгилей кете турган нерсе, биз бул контекстте сүйүү темасы дегенде, кеңири алкакта карап жатабыз. Аял менен эркектин ортосундагы сүйүү - махабат, арзуу - эле эмес, туулган жерге, адамдарга, табиятка, жашоого ж.б. болгон сүйүү да камтылган. Ошентсе да жыйнактардагы ырлардын басымдуу көпчүлүгү аял-эркектин ортосундагы сүйүүгө - махабатка, арзууга - арналганын баса белгилеп коюу абзел. Сөздүн нугу да сүйүүнүн ушул түрү тууралуу жүрмөкчү.

Сүйүү сырын кайдан билсин сүйбөгөн,
Ашыктыктын алоосуна күйбөгөн.
Чарк айланып миң кыдырсаң таппайсың
Махабаттан улуу нерсе дүйнөдөн [3, 52] - деп автор чыныгы сүйүү сезимин керт башынан кечирген үчүн анын сырын билерин жана ырга айлантып жатканын моюндайт.

Улуу сезим пенде башына күтүлбөгөн саатта, күтүлбөгөн шартта келип каларын:

Кай мезгил, кай куракта болсо дагы
Ал сүйүү келип калат чакырылбай [3, 112], - деген саптар аркылуу туюнтат. Сүйүү күтүлбөстүк мүнөзүнө гана эмес, адамды бүт бойдон баш ийдирип, багынтып алчу зор күчкө ээ сезим экени улам тереңдеп, бар тарабынан ачылып отурат:

Көргөндө көңүлүмдү бийлеп алдың,
Бүтүндөй убаланып майдаландым.
Тирликтин бүт түйүүгүн унуткарып
Өзүңсүз жашай алгыс жайда калдым [3, 31];
Сени жазбай сезим такыр чыдабайт,
Башка жакка же бир көңүл ынабайт.
Кайратыма кайрат кошуп, күч берип
Мени өзүңдөй эч бир нерсе чыңабайт [4, 48].

Ошол эле учурда чыныгы сүйүү ар бир эле адам баласына буюра берчү белек эместиги, анын кайгы-зарын көтөрүп, кадырына жете алган жандарга гана тартуулана турган чоң шыбага экендиги, адамдын жаш курагына, коомдо ээлеген орду, улуту, дини ж.б. сыяктуу социалдык өзгөчөлүктөрүнө карабаган кудурети күчтүү сезим экени, торуна чалынган адамды жаңылантуучу, өзгөртүүчү касиетке ээлиги аталган жыйнактардагы арзуу ырларынын башкы мазмунун түзөт. Жашоо сүйүүдөн башталат демекчи, автор да сүйүүнү башталмалардын башталмасы деп карайт. Кубаныч-күлкүсүнө караганда пендеге кайгы-зарын арбыныраак тартууласа да, андан баш тартуу мүмкүн

эместиги бир кыйла жеткиликтүү туюндурулган:

Ыраазымын махабаттын барына,
Чыдагандар чыдайт анын зарына.
Алмустактан аздектелип келатат
Бирдей үчүн жашка дагы, карыга [3, 90].

Автор сезимин "жылтыраган кооз" сөздөр менен ашкере боеп бербестен, акыл менен жуурулуштуруп ырга салат. Башкача айтканда, жалаң гана сезимге сугарылган эмоциялар эмес, акыл-эс элегинен өткөрүлгөн жан дүйнө толгонуулары берилген. Маанилик тереңдик, ал аркылуу сүйүү түшүнүгүн, бийик сезимди бар тарабынан ачып берүү - автордун арзуу лирикасынын негизги багыты.

Ырлардагы лирикалык кейипкер көп учурда тике качырып, "күй өм, сүйөм" деп ачык айтпайт, бирок өз сезимин башка сөздөр аркылуу кайталоодон тажабайт. Ичтеги жан толгонуусу менен жүрөк күүсүн кулакка сиңип калган сөздөр, туюнтмалар аркылуу эмес, башкачараак таризде берүүгө аракеттенет:

Күндүз ойлоп, түндө кирпик какпадым,
Сүт ак болдум, сен деп гана какшадым [3, 31];
Жан дүйнөмдүн шаттык, байлык, мүлкүсүң,
Кубанычы, кусалыгы, күлкүсүң.
Күндүзү го – турган жумуш көңүлдө,
Сени ойлонуп ойгономун түнкүсүн [4, 227].

"Күйөм, сүйөм" деген сөздөрдү айтпастан эле, сүйө, сүйдүрө, сагына, сагынта алат. Муну менен лирикалык кейипкердин сезимине да, аны менен кошо сүйүүнүн кудурет-күчүнө да тан берип, баш ийүүгө аргасыз болобуз. Өзгөчө, ырлардагы сезим менен ойдун динамикалык күч-кубаты, реализм даана туюлуп, окурманды назиктикке, изгиликке жетелейт. Лирикалык кейипкер өз сүйүүсүнөн артык сүйүү жок деген оюнан танбайт. Дем алып, өмүр кечирип жүргөнү да ошол ысык сезимдин аркасында. Ошондуктан:

Бекем сүйдүм эс-учуман танганча
Канаттарым кагуусунан калганча.
Жалын болуп күйүп өтөм өзүңө
Жарым-жарты учкундарым калганча.
Саа багыштап жакшы каалоо-тилекти
Ырахаттуу далай айлар, жыл өттү.
Ыраазымын жолуктурган кудайга

Дебейм, жаным: "Өмүр текке кур өттү" [4, 49] - деп өзүнө да, сүйгөнүнө да убада берет. Ошол эле учурда өзүнө өзү сын көз менен карап, өз дүйнөсүнө үңүлүп, көрпенделиктин аки-чүкүсүнөн, майда-барат кептерден жогору болууга аракет жасайт.

Махабаттын торуна чалынган ар бир адам арзыганын Айга-Күнгө теңеп, жан бүткөндөн артык көрөрү белгилүү. "Лайлини көрүү үчүн Мажнундун көзү керек" болгон сыяктуу эле, башкалар үчүн кадыресе көптүн бири болгон адам биздин лирикалык кейипкер үчүн бирде үр кызы, бирде Айчүрөк, бирде пери:

Көз карашың карегиме кадалган
Бир өзгөчө жаралгансың адамдан.
Сендей пери чыкты бекен, жок бекен

Жан бүткөнү Адам ата замандан.
Менин гана көзүм керек көрүшкө,
Эстен танмак, эгер мендей көрүшсө.
Те илгерки заман болсо кокустан
Канчалары кайыл болмок өлүшкө [3, 10].

"Айдын-Күндүн нурунан" бүткөн сүйгөнү сыяктуу адамдардын аздыгына өкүнүччүн тамашалуу түрдө төмөнкүчө билдирет:

Көргөндөр да, көрбөгөн да арманда,
Кабылдырдың канатымдан талганда.
Сендейлерди сериялап чыгарбай
Өтө ичи тар көрүнбөйбү жалган да [3, 39].

Сүйүү болгон жерде кызганыч да болбой койбойт. Ар бир эле адам арзыганы өзүнө гана таандык болушун каалаган сыңары, Ү.Асаналиевдин ырларындагы лирикалык кейипкердин жүрөгүндө да кызанычтын оту бар:

Чоң махабат - чогу күчтүү кызаныч,
Бирин бири ыраа көрбөйт башкага.
Жаман көрбө, эгер жүрсөм кызганып
Сүйүү жолу бүт жолдордон башка да.
Бул жашоодо жалгыз гана мендиксиң,
Сөзү дагы, колу тийгис бөлөктүн.
Көз барында мен да ошондой сендикмин
Кереги жок мага башка жөлөктүн [4, 62].

Сүйүү лирикасы сырдаштык лирикага, интимдик лирикага кирери белгилүү. Улуу сезимде жүрөктөрдүн, акыл-эстин гана тартылуусу эмес, денелердин да тартылуусу болору – табигый көрүнүү. Ү.Асаналивдин арзуу ырларында мына ушул жагдай да көңүл сыртында калган эмес. Айрым саптарда кадыресе эротикалык маанай бар экенин төмөнкү мисалдардан байкасак болот:

Сезбесең сен сүйүүнүн кереметин,
Жаралып бул дүйнөгө келелексиң.
Чынында, ал да жыргал ойлоп көрсөк,
Кыймылдап тургандыгы керебеттин [3, 98]; же болбосо:
Таң сүрдү куланөөк…
Төшүңдү төшкө сөөп,
Жыпжылуу алкымыңдан
Жыргаймын улам өөп.
Билектер – билектерде,
Жүрөктөр – жүрөктөрдө.
Баш ийип ыраазыбыз
Бактылуу мүнөттөргө… [4, 252].

Арийне, мындай саптардан адеп-ыймандын бузулгандыгын, ыпластыкты издеп сопусунуу – жарабаган иш. Адам турмушунун купуя жагы катары интимдик мамиле, эротика да искусстводо, анын ичинде көркөм адабиятта чагылдырылууга толук акысы бар. Демек, сүйүүнүн табигый коштоочусу катары эротикалуулук арзуу ырларында орун алышы мыйзам ченемдүү деп эсептөөгө болот.

Улуу сезимдин бар кубаныч-зарын, жыргалы менен кууралын, күтүүнү, сагынычты, ыраазылыкты, кызганычты башынан кечирген лирикалык кейипкердин толгонууларын тизмектеп ырга салып отуруп, акын сүйүү деген түшүнүккө төмөнкчө аныктама берип, өз алдынча интерпретациялайт:

Сүйүү деген – бир кагышы жүрөктүн,
Өз нугунда бирге агышы мүрөктүн.
Аккуу сымал адал болуп түбөлүк
Ажырабай бир болушу түнөктүн.
Бирге байлап, бирге коюу тагдырын,
Бирге тартуу машакатын, магдырын
Өлгүчөктү түшүнүшүп бөлүшүү
Өмүрүнүн өп-чап болгон калдыгын.
Кыйындыкка, кысталышка чыдашуу
Жөн билгилик, жөлөк болуп чыңашуу
Кара нөшөр, боз бороону кайытчу
Өткөөлү күч, өтө татаал чоң ашуу [4, 79].

Жалпылап айтсак, Ү.Асаналиевдин арзуу лирикасында көзгө көрүнүп, кол менен кармалбаган купуя сезим ар кырынан ачылган десек болот. Акын ырларын эмоциялык-экспрессивдүү туюнтмалар, троптордун ар кыл түрлөрлү, стилистикалык фигуралардын жардамы менен образдуулукка, таасирдүүлүккө, конкреттүүлүккө ээ кылып, кайталангыс ойлорду бере алган. Изденүү аркылуу улам жаңычылдыкка умтулуусу жашоонун өзөгүнөн жаралган чыгармаларынын эстетикалык кунары жогору болушун шарттаган.

Адилеттик үчүн айта кетүүчү нерсе, жыйнактардагы айрым ырлардан белгилүү акын О.Султановдун махабат лирикасынын туу чокусу болгон «Сен жөнүндө поэма» циклиндеги айрым ойлорду, ыргактарды, а түгүл саптарды кездештирүүгө болот. Мисалы, «Мен бөксөрүп, а сен толуп барасың» [3, 6], «Менин гана көзүм керек көрүшкө» [3, 10] ж.б. Албетте, буларды акын агайыбыз «Сен ж нүндө поэманы» туурап же көчүрүп алган деп айтуу жарабайт. Бир жагынан, көркөм-адабий чыгармачылыкта таасир, таасирленүү деген түшүнүктөр бар экенин эске алуу абзел деп ойлойбуз. Экинчи жагынан, чыныгы сүйүүнүн кубаныч-зарын сүйүүнү башынан кечирген адамдар бирдей эле сезип-туюшат өңдөнөт. Демек, андагы эмоциялар, сезимдер да окшош болору, көркөм формада да окшош чагылдырылары түшүнүктүү.

Жыйынтыктап айтсак, аалым-акын Ү.Асаналиевдин лирикалык поэзиясы көп кырдуулугу, идеялык-мазмундук жактан ар тараптуулугу, поэтикалык-эстетикалык кунарынын жогорулугу менен мүнөздөлүп, азыркы улуттук поэзиядагы сүйүү лирикасынын алкагын кеңейтип, катарын арбытууга салмактуу үлүш кошо алат.

Адабияттар:

1. Абдыкеримова А.Э. Акындык тагдыр күткөн алым. //Кыргыз тил жана адабияты. № 24, 2013.
2. Асаналиев Ү. Сөз-сөөлөт. - Бишкек, 1999.
3. Асаналиев Ү. Арзуу. - Бишкек, 2002.
4. Асаналиев Ү. Куса. - Каракол, 2014.
5. Гегель Г. Работы разных лет. - М., 1971.